**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ**
**ОШ ШААРЫНЫН**
**ИЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ**
Ош ш. ул.Алиев коч. үй № 128 (тел. 03222 7-12-05)

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ**
**ГОРОДА ОШ**
г.Ош ул.Алиева № 128 ( тел. 03222 7-12-05)

«09» 04 2021-жыл.

чыг. № 32/3-3685

Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Ош шаардык аймактык комиссиясынын төрагасы М.П.Пайзилдаевге

*Ош ш. Ленин коч. 221, т.55344*

Сиздин, 2021-жылдын 06-апрелиндеги чыгыш саны 23 сандуу катыныздын негизинде, "Фейсбук" социалдык тармагына 2021-жылдын 29-мартында Кымбат Айтиева аттуу атуулдун атынан Ош шаардык кенешинин депутаттарын шайлоодо "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясы тарабынан, №5308-шайлоо участкасынын аймагында, аталган партиядан талапкер Азимов Ж[redacted] М[redacted] атынан ар кандай азык-түлүктөрдү таркатып, добуш сатып алууга аракет кылып жаткандыгы жөнүндөгү видео жана сүрөттөр боюнча маалымат, Ош ШИИБнын маалыматтарды эсепке алуу журналына 2021-жылдын 30-мартында 02-041-2021-000827 саны менен 2021-жылдын 31-мартында Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-ст. 1-б. каралган кылмыш белгилери менен 03-041-2021-000663 сандуу сотко чейинки өндүрүш иши катталган

Тергөөнүн жүрүшүндө, [redacted] А[redacted] Ж[redacted] жана [redacted] Э[redacted] Ш[redacted] Кыргыз Республикасынын ЖКнин 192-ст. 1-б. каралган кылмыш белгилери менен шектенүү жөнүндө кабарлама берилип, 2021-жылдын 8-апрелинде иштин маңызы боюнча соттук кароого жиберүү үчүн, Ош шаардык прокуратурасына 32/3-3664 чыгыш саны менен жиберилди. Ал эми Ш.Э[redacted] өз көрсөтмөсүндө жогорудагы азык-түлүктөрдү сатып алуу үчүн, Ош шаардык кенешинин депутаттарын шайлоодо "Ата-Журт Кыргызстан" саясий партиясынан талапкер Азимов Ж[redacted] М[redacted] 1000 сом акча каражатын бергендигин билдирген, ошондуктан Ж.Азимовдун үстүнөн тийиштүү иш кагаздары өзүнчө өндүрүшкө бөлүнүп алынып тергөө аракеттери жүргүзүлүп жатат.

Андыктан, Азимов Жасур Махмудовичтин депутаттыкка талапкерлиги боюнча маселени кароо зарылчылдыгын билдиребиз.

Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги [signature] А.К.Раимбердиев

Алдым [signature] 09.04.21

2021/4/22 12:03